**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АГАРТУУ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

# ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТ

# «КЫРГЫЗ ЖАНА ДҮЙНӨ АДАБИЯТЫ»

Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн
жалпы билим берүүчү уюмдарынын 7-12-класстары үчүн

**Бишкек – 2025**

**Илимий консультант:**
**Дюшеева Н.К.** педагогика илимдеринин доктору, профессор, КББАнын президенти

**Иштеп чыккандар:**

**Байгазиев С.О.** КББАнын Тарбия, социалдаштыруу жана мектептен сырткаркы кошумча билим берүү лабораториясынын башкы илимий кызматкери, филология илимдеринин доктору, профессор
**Муратов А.Ж.** И.Арабаев атындагы КМУнун педагогика кафедрасынын профессору, педагогика илимдеринин доктору, профессор
**Рысбаев С.К.** КББАнын Филологиялык билим берүү лабораториясынын башкы илимий кызматкери, педагогика илимдеринин доктору, профессор
**Акматов К.К.** "Маариф" мектебинин директору, педагогика илимдеринин доктору, профессор
**Батыркулова А.Б.** КББАнын филологиялык билим берүү лабораториясынын башчысы, педагогика илимдеринин кандидаты
**Музулманов М.У.** КББАнын вице-президенти, п.и.к.
**Жээнтаева К.К.** Бишкек шаарындагы № 12 мектеп-гимназия окуу-тарбиялоо комплексинин кыргыз тили, адабияты мугалими

**Рецензенттер:**

**Кудайбергенова З.С.** Ж.Баласагын атындагы КУУнун Ч.И.Исамидинов атындагы ПКМДИнун доценти, филология илимдеринин кандидаты
**Керимбекова С.Б.** Бишкек шаарындагы Т. Үмөталиев атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин кыргыз тили мугалими

Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн уюмдарынын 7-12-класстары үчүн «Кыргыз жана дүйнө адабияты" боюнча предметтик стандарты Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндө мыйзамына (2023), Кыргыз Республикасында жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартына (2025) негизделип иштелип чыккан.

Бул предметтик стандарт 7-12-класстар үчүн кыргыз жана дүйнө адабияты сабагын окутуунун максаттарын, мазмунун, предметтик компетенттүүлүктөрүн жана баалоо критерийлерин аныктайт. Бул сабак окуучулардын кыргыз тилиндеги окуу жана түшүнүү көндүмдөрүн өркүндөтүүгө, китепке болгон кызыгуусун арттырууга жана чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган. Ошондой эле, улуттук жана дүйнөлүк адабияттын баалуулуктарын таанып, тилди практикалык колдонуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтет.

**М А З М У Н У**

I. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ, МАКСАТЫ, МИЛДЕТТЕРИ ................................ 4

II. ПРЕДМЕТТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨР................................................................ 5

III. МАЗМУНДУК БАГЫТТАР (мазмундук линиялар)................................................... 8

IV. ОКУТУУНУН УСУЛДАРЫ ........................................................................... 15

V. ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУУ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО .............................. 17

VI. ПРЕДМЕТТИК РЕСУРСТУК КАМСЫЗДООГО МИНИМАЛДУУ ТАЛАПТАР ... 20

VII. ШЫКТАНДЫРУУЧУ ЖАНА КООПСУЗ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ ЧӨЙРӨ ТҮЗҮҮ ........................................................................................................ 23

# I. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ, МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

Кыргыз жана дүйнө адабияты — руханий дөөлөттү, тарыхый эс-тутумду, көркөм ой жүгүртүүнү жана маданияттар аралык түшүнүшүүнү калыптандыруучу, улуттун руханий мурастарын, маданий көп түрдүүлүктү жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды камтыган терең мазмундуу предмет. Адабиятты үйрөнүү аркылуу окуучу окуп жаткан тексттерде өзүн табат, коомдогу ордун ойлойт, акыл-оюн, жан дүйнөсүн байытат. Бул процессте улуттук көркөм дөөлөттөр менен дүйнөлүк адабияттын өз ара байланышын түшүнүү — инсандын өсүшүнүн маанилүү баскычы болуп эсептелет.

Предметтик стандарт улуттук жана дүйнөлүк адабияттын өз ара байланышын ачып берүү менен, маданияттар аралык түшүнүшүүгө, жарандык аң-сезимдин, улуттук идентификациянын тереңдешине багытталган. Адабият аркылуу тарбияланган окуучу улуттук баалуулуктарды урматтаган, ата-бабанын тарыхый тажрыйбасын жана дүйнөтаанымын билген, заманбап дүйнөдө багыт ала билген, коомдук турмушка жигердүү катышкан инсан катары өсөт.

Адабий билим берүүнүн жалпы максаты – мектеп окуучусун өз улутунун жана дүйнөлүк көркөм адабияттын мыкты казыналары менен тааныштыруу. Алардын дүйнөнү кабылдоодогу эстетикалык табитин ойготуп, өнүктүрүп, атуулдук, адеп-ахлактык позициясын бекемдөө.

**Кыргыз жана дүйнө адабиятын 7-9-класстарда окутуунун максаты**:

Окуучулардын көркөм тексттерди түшүнүү, чечмелөө жана баалоо жөндөмдөрүн өнүктүрүү аркылуу улуттук жана дүйнөлүк адабияттын негизги түшүнүктөрүн өздөштүрүүгө, эстетикалык кабыл алуусун, маданий аң-сезимин жана нравалык позициясын калыптандырууга өбөлгө түзүү.

**Милдеттери:**

- Көркөм текстти мазмундук жана түзүмдүк жактан түшүнүү, талдоо, салыштыруу жөндөмдөрүн өнүктүрүү.
- Каармандардын мүнөзүн, жүрүм-турумун баалоо аркылуу инсандын дүйнөсүн аңдап түшүнүүгө көмөктөшүү.
- Улуттук адабияттын өзгөчөлүгүн дүйнөлүк адабияттын контекстинде таанып билүү
- Эстетикалык табитти, чыгармачылык ой жүгүртүүнү жана элестетүү жөндөмүн калыптандыруу.
- Адабият аркылуу жарандык аң-сезимди, мекенчилдикти, гуманисттик баалуулуктарды сиңирүү.
- Оозеки жана жазма түрдө ой билдирүү, адабий пикир айтуу жөндөмдөрүн өнүктүрүү.

**Кыргыз жана дүйнө адабиятын 10–12-класстарда окутуунун максаты:**

Окуучунун адабий-эстетикалык табитин жана сынчыл, аналитикалык ой жүгүртүүсүн тереңдетүү, тексттерди доордук-контексттик негизде чечмелөө жөндөмүн өркүндөтүү аркылуу жарандык позициясы бекем, руханий бай жана чыгармачыл инсанды калыптандыруу.

**Милдеттери:**

- Көркөм тексттерди терең чечмелөө, философиялык жана коомдук аспекттерин аңдап-билүүгө жеткирүү.
- Кыргыз жана дүйнөлүк адабияттарды салыштыруу, маданий жана тарыхый байланышты түшүндүрүү.

- Адабияттагы нравалык-этикалык маселелерге терең ой жүгүртүү, жеке позициясын айтууга үйрөтүү.
- Чыгармачыл жазуу (эссе, адабий талдоо, рецензия) жана академиялык сүйлөө көндүмдөрүн бекемдөө.
- Окуучунун маданий аң-сезимин, улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды кабыл алуу жөндөмүн бекемдөө.
- Өз алдынча иштөөгө, адабий булактарды изилдөөгө жана чыгармачылыкта колдоно билүүгө шыктандыруу.

Кыргыз жана дүйнө адабиятынын окуу предметинин мазмунунун негизин кыргыз жана дүйнөлүк адабияттын алтын фондун түзгөн көркөм чыгармаларды окуп-үйрөнүү түзөт. Адабияттын адеп-ахлактык, эстетикалык, таалим-тарбиялык, дүйнө таануучулук жана билим берүүчүлүк мүмкүнчүлүгү өтө кенен.

Адабий чыгармаларды кабыл алуу, анализдөө, интерпретациялоо окурмандык ишмердүүлүктүн белгилүү ыкмаларына жана түрлөрүнө таянып, кыргыз жана дүйнөлүк адабияттагы чыгармаларды, образдарды, сюжеттерди салыштырууга негизделет. Ошол эле мезгилде адабият таануунун, адабият теориясынын, көркөм сындын айрым үлгүлөрү да бул же тигил чыгарманы терең өздөштүрүү үчүн окуп-үйрөнүлөт.

Көркөм чыгармаларды тандоонун негизги критерийлери болуп алардын жогорку көркөм баалуулугу, гуманисттик багыты, окуучуга позитивдүү таасири, баланын жаш өзгөчөлүгүнө жана өнүгүүсүнө, ошондой эле Кыргыз Республикасындагы маданий-тарыхый салттарга жана адабий билим берүүнүн тажрыйбасына ылайык келиши эсептелет.

## II. ПРЕДМЕТТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨР

**Окурмандык компетенттүүлүк**– адабий чыгарманы эстетикалык өздөштүрүүгө жөндөмдүүлүк, искусствонун башка түрлөрүнүн катарында адабияттын өзгөчөлүгү жөнүндө түшүнүгүн калыптандыруу, образдуу сөздүн көркөм көп маанилүүлүгүн, ассоциативдүүлүгүн, көрүү жана угуу дааналыгын ачуу аркылуу образдык сөздү түшүнүү жана инсандык деңгээлде өздөштүрүү; теориялык-адабий түшүнүктөр жөнүндө үйрөнүүчү предмет катары эмес, көркөм чыгарманы түшүнө билүүгө жардамдашкан курал, каражат катары түшүнүктү өнүктүрүү. Окуучулардын ар башка элдерге жана маданияттарга тиешелүү адабий чыгармаларды салыштыруу, талдоо көндүмдөрүнө ээ болуусу.

**Эмоционалдык баалуулук компетенттүүлүгү** – окуучунун адабиятта чагылдырылган адептик жана эстетикалык баалуулуктарды аныктоого жана түшүнүүгө, сезимдерин, мамилесин билдирүүгө, ой жүгүртүүгө, аларга карата өзүнүн мамилесин негиздөөгө жана базалык улуттук баалуулуктар менен байланыштырууга, гуманисттик позицияларды жактоого, башка улуттардын, этностордун баалуулуктарын (маданий, диний, этникалык, гендердик) урматтоо жөндөмдүүлүгү.

**Адабий-чыгармачылык компетенттүүлүк –** ар түрдүү типтеги дил баяндарды жана түрдүү жанрдагы жана формадагы адабий чыгармачыл иштерди жазууга жөндөмдүүлүк; монологдук жана диалогдук кепке ээ болуу жана кептик баарлашууга кирише билүү; уккан жана окуган көркөм чыгармадагы маалыматты чагылдырган жазуу иштерин жаратуу; энциклопедияларды, сөздүктөрдү, интернет-ресурстарды жана башкаларды кошуп ар кайсы маалымат булактардагы таанып билүүчүлүк жана коммуникативдик тапшырмаларды чечүү; кепти толуктоо жана байытуу,

кеп маданиятын өздөштүрүү жана стилдик боёктогу кепке ээ болуу.

Бул – чыгармачыл иштерде ар башка адабияттардын авторлорунун чыгармаларынын маданий баалуулуктарын презентациялоо ыкмасы .

Предметтик компетенттүүлүктүн өзөктүү багыты – «Манас» эпосунда камтылган элдик философия, этнопедагогика, тарыхый эс-тутум, элдик тилдин көркөм табияты аркылуу окутуу уюштурулуп, окуучулардын мекенчилдик сезимин, инсандык жана жарандык позициясын чыңдоого шарт түзүлүшү зарыл. «Манас» эпосунун баалуулуктарынын негизинде – «Кыргыз жараны» концепциясы жана «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» доктринасынын рухунда тарбия берүү – адабият сабагынын дүйнө таанымдык, тарбиялык жана улуттук биримдикти чыңдоочу өзөктүү багыты катары кароо сунушталат.

Предметтик компетенттүүлүктөр предмет боюнча билим берүүнүн натыйжаларынын тизмегинде көрсөтүлгөн жана динамикада берилген.

Окутуунун убактысы өткөн сайын:

- компетенттүүлүктүн окуучу өздөштүргөн элементтеринин саны жана сапаты артат;
- компетенттүүлүктүн элементтери өзгөрөт жана кеңеет;
- компетенттүүлүктөр мазмундук нуктардын чегинде кесилишип, өз ара жуурулушат, өз ара аракеттенишет, окутуунун жеке тажрыйбасын байытат.

7-12-класста мектепте кыргыз жана дүйнө адабият сабагын окутууда төмөнкү негизги мамилелер талап кылынат.

**Компетенттүүлүк мамиле**

Окуучулардын ар түрдүү чөйрөлөрдө ийгиликтүү иш-аракет жүргүзүшү үчүн зарыл болгон компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга багытталган. Бул мамиле окуучунун угуу, сүйлөө, окуу жана жазуу сыяктуу негизги тилдик көндүмдөрүн иштеп чыгууга көмөктөшөт.

**Коммуникативдик мамиле**

Окуучулардын кыргыз тилинде эффективдүү баарлашуу жөндөмүн өнүктүрүүгө багытталган. Адабий текст аркылуу ойлорду, эмоцияларды жана билдирүүлөрдү так жана маданияттуу жеткирүүгө үйрөтөт.

**Социомаданий мамиле**

Окуучуларды улуттук жана дүйнөлүк адабият менен тааныштырып, өз маданиятын сыйлоо жана башка маданияттарга ачык болууга үндөйт. Кеңири көз караш, толеранттуулук жана маданияттар аралык диалогду калыптандырат.

**Сынчыл жана аналитикалык мамиле**

Окуучунун текстти түшүнүп эле тим болбостон, ага сынчыл, терең жана өз алдынча көз караште мамиле кылуусуна шарт түзөт. Чыгармадагы идеяларды чечмелеп, күнүмдүк жашоо менен байланыштырат.

**Инсанды калыптандыруучу (экзистенциалдык) мамиле**

Адабиятты адамдын ички дүйнөсүн байытуу, моралдык тандоону аңдоо, руханий өсүү каражаты катары карайт. Каармандар аркылуу жашоого, өзүнө, башкаларга болгон көз караш өзгөрөт. Көркөм текстти жөн гана окуу эмес, анын түзүмүн, стилин, көркөм каражаттарын, автордук ниетти аңдап билүүгө багытталган. Окуучу текстти терең, чыгармачылык жана рефлексиялык деңгээлде кабыл алат.

**Маданияттар аралык мамиле**

Окуучулар дүйнөнүн ар түрдүү маданияттарын адабият аркылуу таанып, дүйнөлүк адабият менен кыргыз адабиятынын байланышын түшүнүшөт. Башка маданияттарга урмат менен мамиле кылуу көндүмдөрү өнүгөт.

Кыргыз жана дүйнө адабиятын окутууда тил билүү деңгээлдерин эске алуу окуучулардын тилди өздөштүрүү процессин жеңилдетет жана адабий чыгармаларды терең түшүнүүгө шарт түзөт. Мугалимдер окуучулардын тил билүү деңгээлине жараша окутуу методдорун тандап, ар бир деңгээлге ылайыктуу тапшырмалар менен камсыз кылышы керек.

## III. МАЗМУНДУК БАГЫТТАР (мазмундук линиялар)

Предметтик стандартта мазмундук багыттар (линия) адабий чыгарманын ар түрдүү аспектилери жөнүндө түшүнүк берет, анын структуралык өзгөчөлүктөрүн ачат. Мазмундук багыттар (линия) адабияттын мектеп курсунун негизги компоненттерин аныктайт.

**1- мазмундук багыт (линия). Көркөм форма**

Адабий чыгармалардын жанрдык ар түрдүүлүгүн чагылдырат. Айрыкча көркөм чыгарманын бүтүндүгүн түшүнүүнү камсыз кылат. Ар кандай жанрдагы (эпикалык, драмалык, лирикалык) чыгармалардагы сюжеттин жана анын элементтеринин өзгөчөлүктөрүн ачып берет. Көркөм форманын ар түрдүүлүгүн кабыл алуу аркылуу окуучунун **дүйнө таанымы**, **улуттук өзгөчөлүктөрдү таануу жөндөмү** калыптанат.

**2- мазмундук багыт (линия). Адабий каарман**

Көркөм чыгармадагы образдар системасын, фольклордогу жана адабий чыгармадагы каармандын өзгөчөлүктөрүн ачып берет. Автордун жана окуучу окурмандардын адабий каарманды кабылдоосун карайт, гендердик теңчиликти, басмырлабоону, көп түрдүүлүктү эске алат, өз позициясын аргументтүү билдирүүгө, адеп-ахлактык баалуулуктарды жана мамилелерди түшүнүүгө, жеке позициясын айта алышына, нравалык түшүнүктөр жана жашоо баалуулуктар боюнча ой жүгүртө алышына маани берет. Адабий образдар аркылуу **инсан**, **жарандык милдет**, **адамдык сапаттар** талданат. Окуучу **өзүнүн жеке позициясын** билдирип, коомдогу ордун түшүнүүгө жетишет.

**3- мазмундук багыт (линия). Көркөм кеп (сөз)**

Көркөм кептин негизги белгилерин аныктайт. Эпикалык, лирикалык жана драмалык чыгармалардагы көркөм каражаттардын өзгөчөлүгүн жана алардын образдарды / образдар системасын түзүүдөгү ролун ачып берет. Жазуучунун стилинин көркөм өзгөчөлүгүн түшүндүрөт. Көркөм кеп аркылуу окуучу **улуттук нарк-насилди, ойлом маданиятын**, **сөздүн баалуулугун** терең түшүнөт. Маданияттуу, жоопкерчиликтүү жаран катары **өз оюн туура, так, терең билдирүү** көндүмдөрү өнүгөт.

**4- мазмундук багыт (линия). Автор (автордук, көркөм дүйнө)**

Чыгармалардын адеп-ахлактык жана социалдык темаларын ачып берет. Эпикалык, драмалык жана лирикалык чыгармаларда автордун позициясын билдирүүнүн ар кандай жолдорун (юмор, ирония, сатира ж.б.) карайт; мотивдерди өнүктүрүү, жазуучунун чыгармачылыгында. Көркөм чыгармада каарманды / каарманды, баяндоочуну жана авторду айырмалоо. Окуучулардын өз позициясын билдирүүгө өбөлгө түзөт. Автордук көз карашты түшүндүрүү аркылуу окуучу **улуттук идеологияга**, **жарандык активдүүлүккө**, **гуманисттик дүйнө таанымга** ээ болот.

Автор менен окурман ортосундагы **этикалык байланыш** түзүлөт. Бул мазмундук багыттардын ар бири – улуттук аң-сезимди, маданий мурастарга сый-урматты, жарандык жоопкерчиликти, адеп-ахлактык позицияны калыптандырууга кызмат кылат.

Мазмундук багыттар предметтин бардык темаларын бириктирип, негизги идеялар аркылуу өтүүчү мазмундун негизги өзөгүн түзөт. Бул бөлүктө окуучунун негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрүнөн түзүлүүчү окутуунун күтүлүүчү натыйжалары көрсөтүлгөн. Күтүлүүчү натыйжалардын ар бирине ар бир окуучу жетишүүсү милдеттүү болуп саналат.

Күтүлүүчү натыйжалар номерленген. Ар бир сан маалыматтык жүктөмгө ээ. Мисалы, 7.1.1.1. күтүлүүчү натыйжа бул 7-класс үчүн (биринчи сан) экенин көрсөтөт. Экинчи сан бул натыйжа кайсы предметтик компетенттүүлүктү калыптандыра турганын билдирет Бул мисалда болсо ал – “окурмандык компетенттүүлүк”, үчүнчүсү – мазмундук линиянын номерин көрсөтөт. Акыркы сан күтүлүүчү натыйжанын катар номери. Бул мисалда 1 деген сан турат, демек, биринчи күтүлүүчү натыйжа. Ар бир класстын күтүлүүчү натыйжалары мурунку натыйжаларга таяна турганын жана ошондой эле мурунку класстын натыйжаларын ушул класстагы окутууга кошо турганын эске алуу керек. Ошентип, педагог мурунку класстагы күтүлүүчү натыйжаларды эске гана албастан, мурунку күтүлүүчү натыйжаларды өнүктүрүүнү улантат.

**Таблица 1. - Окуучуларды окутууда күтүлүүчү натыйжалар (баскычтар жана мазмундук багыттар боюнча)**

| Мазмундук багыттар | Негизги жалпы | | | Орто жалпы | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 7 - класс | 8 - класс | 9 - класс | 10 - класс | 11 -класс | 12- класс |
| | Окумандык компетенттүүлүк | | | | | |
| **1. Көркөм форма (сюжет, компози-ция, жанрлар)** | **7.1.1.1.** Окуган же уккан тексттин мазмуну боюнча суроолорго жооп берет | **8.1.1.1.** Окуган же уккан текст боюнча суроолорго жооп берет жана суроолорду түзөт | **9.1.1.1.** Окуган же уккан текст боюнча суроолорго жооп берет жана суроолорду түзөт | **10.1.1.1.** Текст боюнча суроолорду талкуулайт же конкреттүү турмуштук ситуациялар менен салыштырып айтып берет | **11.1.1.1.** Көйгөйлүү суроолор боюнча кеңири жоопторду берет | **12.1.1.1.** Көйгөйлүү суроолор боюнча кеңири жоопторду берет |
| | **7.1.1.2.** Кыскача(схема боюнча) текстти айтып берет, мугалимдин жардамы менен текстке жөнөкой план түзөт, | **8.1.1.2.** Текстке жөнөкой план түзөт, кеңири жоопторду берет,тексттин тандалмалуу жерлерине баа берүү менен айтып берет | **9.1.1.2.** Текстке ар түрдүү (жөнөкөй, татаал цитаталуу) план түзөт, тандалып алынган жерин (үзүндү) баа берүү менен айтып берет | **10.1.1.2.** Текстке ар түрдүү (жөнөкөй,татаал) план түзөт, тексттин тандалып алынган жерине (үзүндү)ой жүгүртүү менен кыскача айтып берет | **11.1.1.2.** Айтып берүүнүн ар кандай түрүн колдонот | **12.1.1.2.** Пландын ар кандай түрлөрүн түзүү, айтып берүү көндүмдөүнө ээ болот |
| | **7.1.1.3.** Ырдагы негизги эпизодго схема боюнча (тема,каарман, окуянын жүрүшү, негизги ой)талдоо жүргүзөт, | **8.1.1.3.** Ырдагы негизги эпизодго анализ жүргүзөт,текст-теги айрым элементтерге комментарий берет | **9.1.1.3.** Тексттеги 2-3 негизги эпизодго анализ жасайт, тандаган ырга схема боюнча композициянын элементтерине комментарий берет,анализ жүргүзөт | **10.1.1.3.** Ырды анализдейт,текст-теги негизги эпизоддорду кептик үлгүлөр менен көркөмдөштүрүп айтып берет | **11.1.1.3.** Тексттеги,драмадагы,ырдагы негизги эпизоддорду кептик үлгүлөрдү колдонуу менен өзгөчөлүктөрүнө комментарий берет | **12.1.1.3.** Анализдөөнүн моделин колдонуу менен тексттеги,драмадагы,ырдагы негизги эпизоддорду жанрдык спецификасы боюнча негизги өзгөчөлүктөрүнө комментарий берет |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **2. Адабий каарман** | **7.1.2.4.** Персонаждардын жүрүм-турумун жана иш-аракеттерин негизги каарман менен салыштырат | **8.1.2.4.** Адабий каармандарга кыскача инди-видуалдуу жана салыштырмалуу мүнөздөмө берет | **9.1.2.4.** Адабий каармандарга кыскача инди-видуалдуу жана салыштырмалуу мүнөздөмө берет | **10.1.2.4.** Адабий каарманга аңгеме-талкуу жасайт(индивиду-алдуу, салыштырмалуу, группалык мунөздөмө | **11.1.2.4.** Жанрдык озгөчөлүктөрү н учетко алуу менен адабий каармандын образын анализдейт | **12.1.2.4.** Адабий каармандын образын этно маданий өзгөчөлүктөрүнө комментарий берүү менен ачып берет |
| **3. Көркөм кеп** | **7.1.3.5.** Тексттеги метафоралардын ролун элестетүү менен түшүндүрөт | **8.1.3.5.** Тексттеги көркөм өнөр каражаттарынын ролун түшүндүрүп берет | **9.1.3.5.** Тексттеги көркөм өнөр каражаттарынын ролун түшүндүрүп берет | **10.1.3.5.** Тексттеги көркөм өнөр каражаттарынын ролун түшүндүрүп берет | **11.1.3.5**. Чыгармадагы көркөм сөздүн өзгөчөлүктөрү н ачып берет, негизги образдарды, символдорду бөлүп көрсөтөт, | **12.1.3.5**. Көркөм кеп каражаттарынын өзгөчөлүктөрүн ачып берет,негизги образдарды,симв олдорду бөлүп көрсөтөт,метафо ралардын көркөмдүүлүгүн белгилейт |
| **4. Автордук дүйно** | **7.1.4.6.** Чыгарманын темасын,негизги маанисин аныктайт | **8.1.4.6.** Чыгарманын темасын,негизги маанисин аныктайт | **9.1.4.6.** Ар кайсы авторлордун чыгармаларын темасы боюнча окшоштугун салыштырат | **10.1.4.6.** Чыгарманын темасын,идеясын ачат,кыргыз адабияты менен байланышын белгилейт | **11.1.4.6.** Окуган адабий чыгармаларды н негизги темаларын,обр аздарын салыштырат,ан ыктайт | **12.1.4.6.** Окуган адабий көркөм чыгармаларды (үзүндүлөрү) темасы,каарман-дары,көркөмдүк өзгөчөлүктөрү боюнча салыштыра алат |

| | **2. Эмоционалдык баалуулук компетенттүүлүгү** | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **1. Көркөм форма (сюжет, компози-ция, жанрлар)** | **7.2.1.7.** Окуган чыгармага өзүнүн эмоционалдуу баасын билдирип,түшүндүрөт | **8.2.1.7.** Окуган чыгармалардын тийгизген таасирин айтып берет | **9.2.1.7.** Өзүнө жаккан чыгармаларды ачык көрсөтүп,тандагандыгынын себебин түшүндүрөт | **10.2.1.7.** Класста же өз алдынча окуган чыгармаларды,автолорду өзүнө жаккандарын тандап, тандагандыгын аргументтештирет | **11.2.1.7.** Өз алдынча окуй турган чыгармаларды аныктайт | **12. 2.1.7.** Өз алдынча окуй турган чыгармаларды аныктайт |
| **2. Адабий каарман** | **7.2.2.8.** Каармандар тууралуу ойлорун билдирет | **8.2.2.8.** Сүйүктүү каармандары тууралуу айтат,тийгизген таасирин бөлүшөт | **9.2.2.8.** Классташтарына каармандардын тийгизген таасирин айтып, класста чогуу талкуулашат | **10.2.2.8.** Жүрөгүнө жакын каарманды тандап,тандаган себебин аргументтештирет | **11.2.2.8**. Каармандын ички жан дүйнөсүнө кызыгуусу артат,анын нравалык-этикалык баалуулуктарын аныктайт | **12. 2.2.8.** Каармандын ички жан дүйнөсүнө кызыгуусу артат,анын нравалык-этикалык баалуулуктарын аныктайт,этномаданий өзгөчөлүктөрүн аныктайт |
| **3.Көркөм кеп** | **7.2.3.9.** Ырды жана чыгармадан үзүндүлөрдү жатка көркөм окуйт | **8.2.3.9.** Ырды жана чыгармадан үзүндүлөрдү көркөм окуйт (баяндап берет) | **9.2.3.9.** Өзү кызыккан ырларды, чыгармалардагы эпизоддорду,сценаларды көркөм окуйт | **10.2.3.9.** Окуй турган түрдүү жанрдагы чыгармаларды көркөм окуйт | **11.2.3.9.** Ырларды, каармандын монологун, чыгармадан үзүндүлөрдү көркөм окуйт | **12.2.3.9.** Түрдүү жанрдагы чыгармаларды көркөм окуу көндүмдөрүнө ээ болот |
| **4. Автордук дүйнө** | **7.2.4.10.** Тексттен автордун берген тике баасын табат | **8.2.4.10.** Тексттен автордун берген тике жана кыйыр баасын табат жана өзүнүн каарманга, окуяга ммамилесин билдирет | **9.2.4.10.** Чыгарманын баалуулугун аныктайт жана жыйынтык чыгарат | **10.2.4.10.** Автордун нравалык позициясын аныктайт жана озүнүн жеке мамилесин салыштырат | **11. 2.2.10**. Автордун нравалык позициясын аныктайт жана өзүнө тийгизген баалуу жагын түшүндүрөт | **12.2.4.10.** Автордун нравалык позициясын аныктайт жана өзүнө тийгизген баалуу жагын түшүндүрөт |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **7.2.4.11.** Иллюстрацияларды,сүрөттөрдү,музыкалык чыгармаларды, көркөм тексттерди салыштырат, өзүнүн ойлорун айтат | **8.2.4.11.** Көркөм текстти иллюстрациялар музыка,сүрөттөр менен салыштырат,көз карашын билдирет | **9.2.4.11.** Көркөм текстти иллюстрациялар музыка,сүрөттөр менен салыштырат,баалайт, жыйынтык чыгарат | **10.2.4.11.** Көркөм текстти искусствонун башка чыгармалары менен салыштырат,өз-гөчөлүктөрүн ачып көрсөтөт | **11.2.4.11.** Көркөм текстти искусствонун башка чыгармалары менен салыштырат, көркөмдүк бөтөнчөлүгүн ачып берет | **12.2.4.11.** Көркөм текстти искусствонун башка чыгармалары менен салыштырат, көркөмдүк бөтөнчөлүгүн ачып берет |
| **3. Адабий чыгармачылык компетенттүүлүк** | | | | | | |
| **1.Көркөм форма (сюжет, компози-ция, жанрлар)** | **7.3.1.12.** Жомок,аңгеме, ырларды түзөт,жаратат | **8.3.1.12.** Сүрөт,уккан адабий чыгарма боюнча дил баян жазат | **9.3.1.12**. Аңгеме, эссе-ой толгоо, ыр жазат | **10.3.1.12.** Эссе-ой жүгүртүү жазат | **11.3.1.12.** Адабий тема боюнча чыгармачыл иш жазат | **12.3.1.12.** Адабий тема боюнча чыгармачыл иш жазат |
| **2. Адабий каарман** | **7.3.2.13.** Чыгармачыл формада каармандын мүнөзүн ачып берет | **8.3.2.13.** Каарман жөнүндө чыгармачыл презентация даярдайт | **9.3.2.13.** Сүйүктүү каарманы жөнүндө кабарлайт герое (жекече жана группада) | **10.3.2. 13.** Каарман жөнүндө чыгармачыл презентация даярдайт (жекече жана группада) | **11.3.2.13.** Чыгармачыл формада каарман жөнүндө презентация даярдайт | **12.3.2.13.** Адабий каармандын образы боюнча(жекече,группада)мини-проект иштеп чыгууга жетишет |
| **3. Көркөм кеп** | **7.3.3.14.** Ролдор боюнча окуйт, чыгармадагы эпизоддордун инсценировасына катышат | **8.3.3.14.** Тамсил,аңгемелердеги эпизоддордун инсценировасына катышат | **9.3.3.14.** Тамсил,аңгемелердеги эпизоддордун инсценировасына катышат | **10.3.3.14.** Драмалык чыгармалардын эпизоддорундагы инсценировкага катышат | **11.3.3.14.** Драмалык чыгармалардын эпизоддорундагы инсценировкага катышат | **12.3.3.14.** Драмалык чыгармалардын эпизоддорундагы инсценировкага катышат |
| **4. Автордук дүйнө** | **7.3.4. 15**. Автор жана анын чыгармасы тууралуу | **8.3.4.15.** Жазуучу жана чыгарма боюнча | **9.3.4.15.** Жазуучунун чыгармасы,анын темасы, каармандары | **10.3.4.15.** Жазуучунун чыгармачылыгы | **11.3.4.15.** Адабий тема боюнча мини-проект | **12.3.4.15.** Адабий тема боюнча мини-проект даярдайт (сүйүктүү |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | чыгармачыл иштерди даярдайт | билдирүү даярдайт | боюнча презентация даярдайт | боюнча презентация жасайт | даярдайт (сүйүктүү автор,чыгарма, адабий каарман) | автор,чыгарма, адабий каарман) |

Көрсөтүлгөн мазмундук багыттардагы иш-аракеттер бири-бири менен концентрация принциби боюнча айкалышта ишке ашат, алар улам кийинки класстарда окуу материалдары уланмалуулук аркылуу тереңдетилип кеңири өздөштүрүлөт. Окуучулардын кебин өстүрүү жана баарлашуу, окуу ишмердигин өнүктүрүү иштери сүйлөө-жазуу жана окуу жана түшүнүү ишмердиги менен бирге ырааттуу ишке ашат, улуттук жана дүйнөлүк балдар адабиятынын мыкты үлгүлөрү менен таанышып, окурмандыгы артат.

## IV. ОКУТУУНУН УСУЛДАРЫ

**Окутуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердеги “Кыргыз жана дүйнө адабияты” предметинин** өзгөчөлүктөрү менен күтүлгүчү натыйжалар окутуунун методикасына өзгөчө талаптарды коёт. Кыргыз жана дүйнө адабиятын окутууда колдонулуучу усулдар окуучунун көркөм текстти кабыл алуу, түшүнүү, анализдөө жана чыгармачылык мамиле кылуу жөндөмүн калыптандырууга багытталат. Окутуу усулдары окуучунун активдүү катышуусун, сынчыл ой жүгүртүүсүн, эстетикалык сезимин жана ар кыл көз караштарды түшүнүү жөндөмүн өнүктүрүүгө шарт түзөт. Компетенттүүлүккө негизделген билим берүү натыйжаларын эске алуу менен, кыргыз жана дүйнө адабияты предмети боюнча билим берүүдө **өнүктүрүүчү, активдүү жана интерактивдүү методдор, технологиялар артыкчылыктуу болуп саналат**. Бул методдор проблемалык, ишмердик жана функционалдык негизде курулуп, кызматташуу, сынчыл ой жүгүртүү, коммуникация жана өз алдынчалык көндүмдөрүн жана окуучунун эмоционалдык-акыл-эстик кабыл алуусун, жеке тажрыйбасын, чыгармачылык ой жүгүртүүсүн активдештирет.

Окутууда төмөнкү негизги усулдар өзөк болуп саналат:

**Интерактивдүү усулдар** – адабий талкуу, суроо-жооп, ролдук оюндар, “автор менен диалог”, “кайчылаш дикуссия”, “ББКБ” ж.б. аркылуу окуучунун пикир билдирүү, талдоо жана баалоо көндүмдөрүн өнүктүрөт; («Ролдук оюндар» – каармандардын ордуна чыгып, диалог түзүү; «Чыныгы же жалган» оюнунда текст боюнча фактыларды талдоо)

**Интерпретациялык усулдар** – көркөм текстти көп катмарлуу чечмелөө, мазмунду, форма жана стилин аңдап түшүнүү, чыгарманын идеялык-тематикалык өзөгүн табуу; (Тексттеги символдорду, метафораларды чечмелөө; каармандык мүнөздөрдү салыштыруу; социалдык, философиялык ойлорду талдоо)

**Коммуникативдик-диалогдук усулдар** – монологдук жана диалогдук кеп аркылуу окуучулардын сүйлөө жана пикир алмашуу жөндөмүн өрчүтөт, адабий көркөм ойлорду эркин айтууга өбөлгө түзөт; («Суроо–жооп» формасындагы адабий полемика; «Чыгарма боюнча интервью» – окуучу автор же каарман болуп жооп берет; Жуптук жана топтук адабий диалогдор)

**Чыгармачылык усулдар** – эссе жазуу, уламадилбаян, чыгарманы кайра жандандыруу, сахна-сабак, көркөм окуу, көркөм котормо ж.б. аркылуу окуучунун чыгармачылык жөндөмүн өнүктүрөт; (Каарманга кат жазуу; Текстти башка стилде кайра жазуу (мисалы, комикс, жаңылык түрүндө) Көркөм котормого аракет кылуу.

**Интегративдик усулдар** – адабият менен тарых, география, искусство, кино, музыка жана башка сабактардын мазмундук байланышын ачуу аркылуу дүйнө таанымдын кеңейишин шарттайт; (Тарыхый контексти түшүндүрүү үчүн текстти ошол доордогу сүрөттөр менен бирге талдоо; Музыка менен поэзияны айкалыштыруу;Чыгармадагы географиялык же этнографиялык элементтерди карта же видео аркылуу көрсөтүү.)

**Сынчыл жана рефлексиялык усулдар** – чыгарманын мазмунуна өз позициясын билдирүү, автордук көз караштарды баалоо, коомдук-маданий контекстте анализдөө көндүмдөрүн калыптандырууга өбөлгө түзөт. («Мага бул сабакта эмне маанилүү болду?» – жеке ойлорду жазуу; «Эгер мен автор болсом...» – сюжетти өзгөртүү)

Окутуу усулдары окуу предметинин табиятына, класстын өзгөчөлүгүнө жана окутуунун

максат-милдеттерине жараша ырааттуу, ийкемдүү жана ар тараптуу тандалат. Мугалим ар бир темада окуучунун өз алдынчалуулугун, чыгармачылыгын жана интеллектуалдык активдүүлүгүн арттырууга багытталган усулдарды колдонот.

Ар бир метод мугалимдин окутуучу иш-аракетин жана окуучунун **активдүү таанып-билүүчү** ишин камтып, окуучунун кептик, тилдик, социомаданий, окурмандык ишмердүүлүгүн жандандырууга багытталат.

## V. ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУУ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО

Баалоо окуучулардын окуу жетишкендиктеринин предметтик стандарттын мазмунуна дал келишин аныктоо максатында жүргүзүлөт. Окуучулардын жеке билим жетишкендиктерин жана прогрессин өлчөө үчүн класста **баалоонун үч түрү** колдонулат: диагностикалык, калыптандыруучу (формативдик) жана суммативдик.

**Диагностикалык баалоодо** - окуучунун компетенттүүлүгүнүн, өнүгүшүнүн баштапкы деңгээлин аныктап алып, окуучуну ыңгайлаштыруу жана андан кийин прогрессин окуу процессине түзөтүүлөрдү киргизүү, өркүндөтүү үчүн жана мугалимдер үчүн аныкталган деңгээлге жараша усулдарды тандоого негиз болот.

**Калыптандыруучу (формативдик) баалоо** - бул окуу процессинде өз убагында оңдоо, пландаштыруу, өзгөртүүлөрдү киргизүү жана конструктивдүү кайтарым байланыш берүү, колдоо, байкоо жүргүзүү жана маалымат чогултуунун максаттуу үзгүлтүксүз процесси.

**Жыйынтыктоочу (суммативдик) баалоо** - окутуунун стандарттарынын ченемдерине жана талаптарына окуучулардын билиминин дал келүүсүн, окутуунун пландаштырылган натыйжаларын өздөштүрүү деңгээлин аныкталат. Системалуу түрдө окуу бөлүмү, темасы, окуу мезгили (чейректик, жарым жылдык, жылдык) аяктагандан кийин жыйынтыктарды аныктоо үчүн класс ичинде жүргүзүлөт. Окуучунун машыгууларын тесттер, текшерүү иштери, өтүлгөн лексиканын, тематиканын чегинде чакан баяндама, дил баян, эссе жазуунун элементтери ж.б. колдонулат

Окуучулардын өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчү болуп негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн, инсандык сапаттардын калыптануу деңгээли саналат.

**Баалоонун типтери**

Билим берүү системасында педагогикалык баалоонун эки түрү колдонулат, алардын милдеттери ар башка: ченемдик жана критериалдык.

**Ченемдик баалоо** – айрым окуучулардын билимин даярдык деңгээлине карата аткарылат. Анын максаты – баа коюу үчүн эмес, дифференцияланган мамилени камсыз кылуу максатында окуу процессинде окуучулардын деңгээлине жараша топторду түзүп, түшүнүү, салыштыруу, жашоо шартында, турмуштук кырдаалда колдонуусун өнүктүрүүнү шарттайт.

**Критериалдык баалоо** – окуучулардын жеке билимин баалоо белгиленген стандарттарга карата жүргүзүлөт. Анын максаты белгиленген стандарттарга карата айрым окуучулардын же топтордун жыйынтыктарын сүрөттөп берүү болуп саналат. Баалоонун бул эки түрү бири-бирин жокко чыгарбайт, педагогикалык практика ченемдик да, критерийлүү да баалоого муктаж. Мугалим баалоонун кайсы түрүн колдонушу керектигин аныктоо үчүн, баалоо максатына кайрылышы керек. Эгерде ар бир окуучу окуу материалынын маанилүү бөлүгүн өздөштүргөнүн же өздөштүрбөгөнүн аныктоо зарыл

болсо, анда бул учурда критериалдык баалоонун түрүн колдонуу зарыл.

Окуучулардын иш-аракеттерин баалоодо мугалим тандалган методдорго жана окутуу формаларына ылайык ар кандай баалоо ыкмаларын колдонот. Баалоо тутумун иштеп чыгууда мугалим негизги **принциптерди** жетекчиликке алышы керек:

**Маанилүүлүк –** окуучулардын эң маанилүү окуу натыйжаларын жана иш-аракеттерин баалоого көңүл буруу.

**Адекваттуулук** – окутуунун максаттарына жана натыйжаларына билимдерди, көндүмдөрдү, билгиликтерди, баалуулуктарды, компетенттүүлүктү баалоону көзөмөлдөө.

**Объективдүүлүк –** бул принцип бардык окуучулардан окшош шарттарда бир эле сыноодон өтүүнү талап кылат. Маалыматтарды иштеп чыгуунун объективдүүлүгү мугалимге да, бардык окуучуларга да белгилүү болгон так баалоо *критерийлеринин* болушун карайт.

**Ишенимдүүлүк** – педагогикалык өлчөөнүн тактык даражасы. Эгерде бир эле белгини кайталап өлчөө бирдей натыйжаларды берсе, баалоо ыкмасы ишенимдүү деп эсептелет.

**Ачык-айкындык** – баалоо критерийлери жана формалары баалоо процедурасынан мурун окуучуларга түшүнүктүү, так баяндалып, белгилүү болушу керек. Окуучулар баалоо критерийлерин иштеп чыгууга катышат.

**Ыкластуулук – баалоо жылуу маанайда болушу керек,** т.а. окуучулардын каталары эмес, жетишкендиктери бааланат. Баалоо критерийлери оң берилет (*3 тапшырма аткарылды, 5 сөз жазды*), терс формулировкалар алынып салынат (мүмкүн эмес, *жасай албайт, 5 ката кетирилген ж.б.*).

**Өзүн-өзү баалоо жана өз ара баалоо.** Бул учурда тапшырманы аткаруунун критерийин биргелешип чечип алуу керек

**Окуп түшүнүүнүн деңгээлинде** – когнитивдик мүнөздөгү белгилүү баарлашуунун маселелерин чечүү үчүн окуп түшүнүүдөгү кептик ык-көндүмдөрдүн деңгээли текшерилет. Окуп түшүнүүнү тестирлөө учурунда төмөнкү ык-көндүмдөрү текшерилет:

- Ар кандай чыгармаларды окуу жана алардан керектүү маалыматты табуу;
- Чыгармадагы маалыматты (таанышуу окуудагы) толук жана так түшүнүү;
- Окуунун ар кандай багыттоосун жана ыкмаларын, ошондой эле окуп түшүнүүнүн ар кандай түрлөрүн (изилдөө, таанышуу, издөө жана бириктирилген) колдонуу.

**Жазуунун деңгээлинде –** функционалдуу жазуу кебинин кептик көндүмдөрдүн деңгээли текшерилет. Жазуу тести маалыматты жазуу түрүндө берүү үчүн керектүү кептик көндүмдөрүн текшерет; коммуникативдик багытка ылайык келген кээ бир маалыматты жазышат.

**Угуп тушүнүүнүн деңгээлинде –** чыгармаларды угуп түшүнүү үчүн керектүү көндүмдөрдүн деңгээлин баалайт.

**Сүйлөөнүн деңгээлинде –**монолог жана диалог кептеринде коммуникативдик билгичтиктин калыптандыруусу текшерилет.

Диалог кебинде төмөнкү көндүмдөр текшерилет:

- жогоруда көрсөтүлгөн баарлашуу чөйрөсүнө актуалдуу ролдордо сүйлөп чыгуусу;
- керектүү маалыматты түшүнүү, сурап билүү, тактоо жана айтып берүүсү.

Продуктивдүү монолог кебинде өздүк аралаш типтеги (аңгемелешүүнүн элементтери менен билдирүү, баяндоо-аңгеме тексти) сүйлөө көндүмдөрү текшерилет.

**Таблица 2. – Угуу жана окууга баа берүүнүн болжолдуу критерийлери.**

| Критерийлер | Эң жакшы | Жакшы | Канааттандырарлык | Канааттандырарлык эмес |
|---|---|---|---|---|
| Мазмунду түшүнүү | Тексттин негизги идеясын түшүнөт, деталдарды табат (анын ичинде өзгөрмөлүү сөздөр), жыйынтык чыгарат. | Тексттин негизги идеясын түшүнөт, жарым-жартылай деталдарды табат, синонимдерди тандайт жана жыйынтык чыгарат. | Маалыматты жарым-жартылай түшүнөт. Өзгөрмөлүү сөздөрдү билбейт. Жыйынтык чыгаруу кыйын. | Негизги ойду жана деталдарды түшүнбөйт. |
| Мүнөздөмөлөрдү салыштыруу, маалыматты классификациялоо | 3 же андан көп мүнөздөмөлөрдү салыштырат, маалыматты классификациялайт. Текстти графикалык формага (схема, таблица) жана тескерисинче графикалык форманы текст кылып түзө алат. | Салыштыруу жана классификациялоо учурунда 2 мүнөздөмөнү бөлүп көрсөтөт. Схемаларды тандайт, схемаларды таянычтардын жардамы менен текстке которот. | Салыштыруу жана классификациялоо учурунда 1 мүнөздөмөнү бөлүп көрсөтөт. Схемадагы мүнөздөмөлөрдү жарым-жартылай чагылдырат. | Мүнөздөмө берүүдө кыйналат |
| Маалыматтарды колдонуу | Тексти негиз кылат, жооп түзүү үчүн 4 же андан көп өзгөчөлүктү тандайт, маалыматтын негизинде өзүнүн текстин жаратат. | Тексттен 2-3 негизги мүнөздөмөнү тандайт жана алардын негизинде өз жообун түзөт. | Тексттен керектүү маалыматты тандап, жооп түзүүдө кыйынчылык тартат. | Алган маалыматты иштеп чыгып, колдонууда кыйынчылык тартат. |

**Таблица 3. – Жазуу жана оозеки жоопту (текстти) баалоонун болжолдуу критерийлери**

| Критерийлер | Эң жакшы | Жакшы | Канааттандырарлык | Канааттандырарлык эмес |
|---|---|---|---|---|
| Жооптун мазмуну | Ой так жана түшүнүктүү, бардык негизги эрежелер сакталат (оозеки кептеги басым, грамматика). Сүйлөмдөрү аякталган, логикалык жактан курулган. Суроолордун бардыгына толук, так жооп жазган. Катасы жок, сабаттуу жазган. | Ой түшүнүктүү, негизги эрежелер сакталат (грамматика). Сүйлөмдөр жарым-жартылай бүткөн, балким, түзүлүшүндө майда так эместиктер бар. 1-3кө чейин орфографиялык каталары бар. | Ой түшүнүксүз, сүйлөм толук эмес, эрежелерди сактоодо кыйынчылыктар бар. Сүйлөмдөрү туура эмес түзүлгөн. 3-4кө чейин орфографиялык каталары бар. | Жообу толук эмес, сүйлөмдөрү аягына чыкпайт |
| Лексика | Лексика темага | Лексика | Лексика жарым- | Тема боюнча |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | толугу менен шайкеш келет, тема боюнча 4-5 же андан көп сөздөр колдонулат. Бардык жаңы сөздөр туура айтылган (оозеки жооп менен), сүйлөмдөр туура түзүлгөн | негизинен темага туура келет, тема боюнча 2-3 сөз колдонулат. Жаңы сөздөрдүн көпчүлүгү туура айтылат (оозеки жооп менен), сүйлөмдөрдүн көпчүлүгү туура түзүлгөн | жартылай темага туура келет, тема боюнча 2-3 сөздөн аз колдонулат. Жаңы сөздөрдүн көпчүлүгү туура эмес айтылат (оозеки жооп бергенде), сүйлөм түзүүдө каталар бар. | лексиканы колдонбойт. Сөздөр туура эмес айтылат. |
| Тексттин түзүмү | Текст логикалык жактан байланышкан, бардык ойлор толук. Сүйлөмдөрү орундуу. Тапшырманын максатын түшүнүп, жазган тексти берилген көлөмгө ылайык келет. | Текст түзүлгөн, бирок ой жарым-жартылай бүткөн, сүйлөмдөрдүн байланышы бир аз түшүнүксүз болушу мүмкүн, же ой толук ачылган эмес. | Текст жарым-жартылай түзүлгөн, ой толук эмес, сүйлөмдөрдүн ортосунда байланыш начар же жок. Бир типтүү сүйлөмдөр менен байланыштырган. | Текст түзө албайт |
| Интонация (оозеки жооптор үчүн) | Интонация сүйлөмдүн түрүнө туура келет (суроолуу, илеп, жай). Басым негизги сөздөргө туура коюлган. | Интонация сүйлөмдүн түрүнө туура келет, бирок кээ бир сөздөргө басым коюу так эмес болушу мүмкүн. | Интонация сүйлөмдүн түрүнө туура келбейт, маанилүү сөздөргө басым жасалбайт. | Интонация сакталбайт |
| Пунктуация (жазуу жооптор үчүн) | Бардык үйрөнүлгөн тыныш белгилери туура колдонулат. Үтүр, чекит, илеп жана суроо белгилери керектүү жерлерде колдонулат | Негизинен үйрөнүлгөн тыныш белгилери туура колдонулат. Үтүрдү колдонууда анча-мынча каталар бар. | Үйрөнүлгөн тыныш белгилери каталар менен колдонулат, көбүнчө үтүр, чекит, суроо жана илеп белгилери калтырылып же туура эмес коюлган | Пунктуациялык белгилер коюлбаган |

**Тесттик тапшырмалардын жыйынтыктарын баалоо**

Окуучу тесттин кайсы бир бөлүгүн бөлүнгөн убакытта аткарган эмес болсо, бул бөлүктү баалай турган упайлар кемитилет.

Тесттик тапшырмалардын жыйынтыгын баалоо эки деңгээлге бөлүнөт: канааттандырарлык жана канааттандырарлык эмес.

**Таблица 4. – Тесттик тапшырмалардын жыйынтыгын баалоо**

| **Субтест** | **Деңгээлдер** (көрсөткүчтөр упайлар менен) | |
|---|---|---|
| | **Канааттандырарлык** | **Канааттандырарлык эмес** |

| | | |
|---|---|---|
| **Окуп түшүнүү** | **A1** 7 – 10 (75%-100%)<br>**A2** 8 – 10 (80%-100%) | 7 ден аз (75%дан кем) 8 ден аз (80%дан кем) |
| **Жазуу** | **A1** 7 – 10 (75%-100%)<br>**A2** 8 – 10 (80%-100%) | 7 ден аз (75%дан кем) 8 ден аз (80%дан кем) |
| **Угуп түшүнүү** | **A1** 7 – 10 (75%-100%)<br>**A2** 8 – 10 (80%-100%) | 7 ден аз (75%дан кем) 8 ден аз (80%дан кем) |
| **Сүйлөө** | **A1** 7 – 10 (75%-100%)<br>**A2** 8 – 10 (80%-100%) | 7 ден аз (75%дан кем) 8 ден аз (80%дан кем) |

Төмөнкү натыйжаларды көрсөткөн окуучулар тестти ийгиликтүү аткарган болуп саналат: А1 тести боюнча канааттандырарлык деңгээл – 35 упай (тесттин баасынан 75%), А2 тести боюнча канааттандырарлык деңгээл – 40 упай (тесттин баасынан 80%),

Чыгармачылык иштерди жана долбоордук ишмердүүлүктү баалоо үчүн мугалим балдар менен бирге баалоо критерийлерин иштеп чыгат. Бул критерийлерде долбоордун максатын жана тапшырмаларын түшүнүү, долбоорду аткаруу, чыгармачылык жана демилгечилдикти көрсөтүү, продуктуну даярдоо жана долбоордук иштин коргоо сапаты эске алынат.

Бул критерийлердин негизинде мугалимдер иштин аткарылыш деңгээлин сүрөттөп берүүчү дескрипторлорду түзүшөт.

Окуучулардын ишмердүүлүгүнүн натыйжасын баалоо критерийлери ар бир тапшырмага жана иштин түрлөрүнө карата түзүлөт.

## VI. ПРЕДМЕТТИ РЕСУРСТУК КАМСЫЗДООГО МИНИМАЛДЫК ТАЛАПТАР

Кыргыз жана дүйнө адабияты сабагы боюнча сапаттуу билим берүүнү камсыздоо үчүн ресурстук камсыздоо өтө маанилүү ролду ойнойт. Бул ресурстар окуучулардын калыптануусуна, билимди терең өздөштүрүүсүнө жана мугалимдердин натыйжалуу иштешине шарт түзөт.

**Таблица 5. – Ресурстук камсыздоо**

| Билим берүү ресурстарынын түрлөрү | Талаптардын мүнөздөмөсү |
|---|---|
| **Маалыматтык-коммуникациялык технологиялар** | МКТнын заманбап каражаттары төмөнкүлөрдү камсыз кылышы керек:<br>- глобалдык (Интернет тармагы) жана ички локалдык тармактын ресурстарына жетүү;<br>- интерактивдүү билим берүү ишинин мүмкүнчүлүгү;<br>- окуу мазмунун көрсөтүү.<br>- үндү күчөтүүчү приборлор (колонкалар, наушниктер), көрүүсү, угуусу начар окуучулардын материалды өздөштүрүүсүн камсыз кылуучу субтитрлер.<br>Компьютердик техниканын саны билим берүү керектөөлөрүнө ылайык келүүгө жана аны натыйжалуу пайдаланууга педагогдордун жана окуучулардын даярдык деңгээлин эске алууга тийиш. Санариптик |

| | |
|---|---|
| | компетенттүүлүктү өнүктүрүүгө багытталган мугалимдер үчүн квалификацияны жогорулатуу курстарын үзгүлтүксүз уюштуруу зарыл. |
| **Санариптик билим берүү ресурстары** | Окуу процесси санариптик билим берүү ресурстары, анын ичинде электрондук окуу китептери, Интернет түйүнүндө издөө каражаттары жана издөө системалары, электрондук билим берүү материалдарынын коллекциялары, ошондой эле билим берүү интернет-порталдары менен камсыз болушу керек. Санариптик ресурстар плакаттар, таблицалар жана схемалар сыяктуу басылган визуалдык демонстрацияларды алмаштыра алат.<br>Санариптик билим берүү ресурстары төмөнкү функцияларды аткарышы керек:<br>- маалымат булактары;<br>- керектүү маалыматты издөө куралдары;<br>- окуу процессин уюштуруу каражаттары.<br>Санариптик билим берүү ресурстарынын саны жана тизмеси зарылчылыктын жана жетиштүүлүктүн талаптарына жооп бериши керек. |
| **Окуу-методикалык комплекстерн** | Окуу процесси мугалим үчүн зарыл болгон методикалык камсыздоону (окуу китеби, окуу программасы, мугалим үчүн методикалык сунуштамалар, колдонмо, жумушчу дептер ж.б.), маалымдамаларды жана сөздүктөрдү камтыган заманбап окуу-методикалык комплекс менен камсыз кылынууга тийиш. Окуу-методикалык комплекси төмөнкүлөрдү камсыз кылат :<br>– предметтик мазмунду өздөштүрүү;<br>– окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу;<br>– окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү;<br>– билимдерди, көндүмдөрдү, компетенттүүлүктөрдү окуучулардын билим алуу муктаждыктарын эске алуу менен өнүктүрүү: окууда кыйынчылыктарга дуушар болгон окуучулар үчүн, ошондой эле таланттуу балдар үчүн материалдар (дидактикалык карточкалар, онлайн куралдар, графикалык уюштургучтар ж.б.). |

## VII. ШЫКТАНДЫРУУЧУ ЖАНА КООПСУЗ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ ЧӨЙРӨ ТҮЗҮҮ

Шыктандыруучу билим берүүчүлүк чөйрөнү кыргыз жана дүйнө адабияты сабагында инсанга багытталган технологияларды колдонуу менен түзүүгө болот. Кыргыз жана дүйнө адабиятын окутууда шыктандыруучу билим берүүчүлүк чөйрөнү түзүү - бул окуучунун текстти кабыл алуу, эстетикалык сезимин өнүктүрүү, чыгармачылыкка жана сынчыл ой жүгүртүүгө багытталган шарттарды камсыз кылуу дегенди билдирет. Мындай чөйрө ар бир окуучунун өзүн эркин, коопсуз, шыктандырылган инсан катары сезүүсүнө өбөлгө түзөт.

Адабият сабагында шыктандыруучу чөйрөнү уюштурууда мугалим төмөнкү аспектилерге көңүл бурат:

- Эмоционалдык-эстетикалык атмосфера түзүү: темага ылайык көркөм окуу, музыка, сүрөт, видеофрагменттерди колдонуу.
- Пикир билдирүүгө ыңгайлуу шарт түзүү: ар бир окуучунун оюн угуу, диалог жана баарлашууга негизделген сабак форматтарын колдонуу.

- Чыгармачылыкка шыктандыруу: каарманга кат жазуу, улантуу, ролдоштуруу, көркөм иллюстрацияларды жаратуу.
- Көркөм искусствонун башка түрлөрү менен айкалыштыруу: адабиятты кино, музыка, сүрөт менен интеграциялоо.
- Интеллектуалдык кызыгууну ойготуу: проблемалуу суроолор, альтернативдүү чечимдер, индивидуалдуу тажрыйба менен байланыштуу талдоолор.

Бул шарттар окуучунун адабиятка болгон кызыгуусун арттырууга, чыгармачылык жөндөмүн өнүктүрүүгө жана көркөм дүйнөнү инсандын руханий байлыгын арттыруучу каражат катары кабылдоосуна жардам берет. Окуучулар менен иштөөдө мугалимдин окуучуларга карата гумандуу позициясынын болушу, алар менен болгон мамиледе жогорку ишенимди, ар бир окуучунун өзгөчөлүктөрүн, жеке баалуулуктарын сөзсүз кабыл алуусу жана колдоосу талап кылынат. Адамдык, инсандык жана жарандык баалуулуктарын калыптандырууда мугалимдин жеке позициясы окуучуларга үлгү болуусу менен бирге ар дайым анын тарбия ишинин жана окуучунун психологиялык коопсуздугунун өзөгү болуп кызмат кылат.

Кыргыз жана дүйнө адабиятын окутууда коопсуз билим берүү чөйрөсүн түзүү — ар бир окуучунун өзүн ишенимдүү, эркин жана психологиялык жактан корголгон инсан катары сезүүсүн камсыз кылууга багытталат. Бул чөйрөдө окуучу чыгармачылык менен ойлонуп, текст менен терең иштеп, өз оюн эркин билдире алат. Мындай чөйрө окуучунун инсандык өнүгүүсүнө, маданий ар түрдүүлүккө ачык болуусуна, баарлашууга, өз ара урматтоого жана жоопкерчиликтүү жарандык позицияны калыптандырууга көмөктөшөт. Мугалим коопсуздукту камсыз кылуу менен бирге окуучуну коомдук турмушка аралашууга даярдаган инсан катары өнүктүрөт.

**Коопсуз билим берүү чөйрөсүн камсыз кылуудагы негизги принциптер:**

- Ар бир окуучунун пикирин урматтоо – сабакта ар кандай пикирлерге түшүнүү менен мамиле кылып, пикир билдирүүдөгү эркиндикти камсыз кылуу.
- Катачылыкты үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк катары кабыл алуу – окуучунун ишенимин бекемдеп, жаңылышууга укугу бар экенин таанып, сабырдуулукка үндөө.
- Бардык окуучуларга тең шарт түзүү – этностук, маданий жана башка ар түрдүүлүктү эске алуу менен инклюзивдүү мамиле кылуу.
- Сүйлөө жана угуу маданиятын өнүктүрүү – бири-бирине урмат-сый менен мамиле кылуу аркылуу диалог маданиятын жайылтуу.
- Окуучулардын чыгармачыл демилгелерин колдоо – чыгарма тууралуу ойлорун жазуу, сүрөттөө, сахналаштыруу өңдүү аракеттерин кубаттоо.
- Жоопкерчиликтүү мамилени өнүктүрүү – адабий каармандардын тандоосу аркылуу коомдук жана инсандык жоопкерчиликти түшүнүүгө өбөлгө түзүү. Бул шарттар окуучунун адабиятка болгон кызыгуусун арттырып, инсандык жана жарандык сапаттарын өнүктүрүүгө көмөктөшөт. Ошону менен бирге, мугалим окуучуларды өз маданиятын терең түшүнүүгө, башкалардын маданиятына ачык мамиле кылууга, адамгерчилик жана жоопкерчилик принциптерине негизделген жол менен тарбиялайт. Ошондой эле, экологиялык, физикалык коопсуздугу талапка ылайык болуш керек.

- **Экологиялык коопсуздук** таза аба, суу, туура тамактануу, жарыктын жогорку сапаты, туура температура, желдетүү, энергияны үнөмдөө, багбанчылык ж. б.
- **Физикалык коопсуздук** имараттын коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн камтыйт, анын ичинде өзгөчө кырдаалдарда, аны колдонуу процессинде окуу жабдуулары ж.б. мектептин кабинетиндеги бардык элементтер санитардык-эпидемиологиялык эрежелерге, электр жана өрт коопсуздугунун эрежелерине ылайык келиши керек.